| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>ДАРКАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДАРКАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**XXVIII чакырылышынын кезектеги №15-сессиясынын**

**2023-жылдын 01-февралы , № 72** **Даркан айылы**

# ТОКТОМУ

**Даркан айылынан чыккан таштандыга субцидия кароо жөнүндө**

Жергиликтүү бюджет жана донордук уюмдардын эсебинен жергиликтүү долбоорлордун ишке ашыруусун жөнгө салуучу жергиликтүү ченемдик-укуктук актыларга ылайык, "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун негизинде муниципалитеттер аралык кызматташуунун алкагында "Кызыл-Суу, Даркан, Оргочор жана Светлая Поляна айыл аймактарынан катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу" кызматын жакшыртууга жергиликтүү бюджеттин эсебинен таштанды чыгаруу кызматынын төлөмдөрүнө Даркан айыл өкмөтү тарабынан субцидия катары төлөп берүү маселесин карап жана талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун негизинде муниципалитеттер аралык кызматташуунун алкагында "Кызыл-Суу, Даркан, Оргочор жана Светлая Поляна айыл аймактарынан катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу" төлөмдөрүнүн ар бир түтүнгө бекитилген 90 (токсон) сомдун 45 (кырк беш) сомун башкача айтканда 405 000 (төрт жүз беш миң) сому айыл өкмөтүнөн субцидия катары жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилсин, ал эми 45 ( кырк беш) сому жергиликтүү айыл тургундарынын эсебинен төлөнүп берилсин.

**2.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин пландоо , бюджет , финансы жана экономика иштери боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Ч.Орозобековага милдеттендирилсин.

**Төрагасы** **Б.Муканбетов**